Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2025-жылдын 30-декабрындагы
№ 198 токтому менен бекитилген

2026-жылдын 1-мартына дайындалган № 13 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын кайра шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын

# КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

***Шайлоо күнү – Жекшемби, 2026-жылдын 1-марты***

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткаруу мөөнөттөрү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жарандарга, саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына (мындан ары – ЖМК), шайлоо комиссияларына жана шайлоо процессинин катышуучуларына кайрылуусу | Шайлоо дайындалгандан кийин | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК) Маалыматтык камсыз кылуу сектору |
| **Шайлоону маалыматтык жактан камсыздоо** | | | |
| 1. | БШКга ЖМК, интернет-басылмалар тарабынан эфир убактысын, басылма аянтын бергендиги үчүн төлөө өлчөмү же интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды берүү | Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 11-январына чейин (кошуп алганда) | БШКнын жумушчу тобу, маалыматтык камсыз кылуу сектору, ЖМК, интернет-басылмалар «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 20-бөлүгү (мындан ары – конституциялык Мыйзам) |
| 2. | БШК расмий сайтында эфир убактысын, басылма аянтынын төлөө өлчөмү же | Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий | Маалыматтык камсыз кылуу сектору |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттар жөнүндө берилген маалыматтарды жарыялоосу | жарыяланган күндөн тартып 17 күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 15-январына чейин) | конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 20-бөлүгү |
| 3. | Коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын, шайлоонун натыйжаларынын божомолдорун, шайлоого байланышкан башка изилдөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жарыялоого (чагылдырууга) тыюу салуу | Добуш берүүгө чейинки акыркы 3 календардык күндүн ичинде, ошондой эле добуш берүү күнүн жарыялоо (чагылдыруу) (2026-жылдын 26-февралынан баштап) | БШКнын жумушчу тобу конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 6-бөлүгү |
| **Добуш берүү үчүн жай** | | | |
| 4. | Майыптыгы бар шайлоочулардын муктаждык картасын түзүү | Добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 19-январын кошуп алганда) | ОШК, УШК, ЖӨБО конституциялык Мыйзамдын 29-беренесинин 6-бөлүгү |
| 5. | Добуш берүүчү жайды майыптыгы бар шайлоочулардын муктаждык картасында көрсөтүлгөн керектөөлөрүнө ылайык келишин текшерүү | Добуш берүү күнүнө чейин 33 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 27-январына чейин) | ОШК, УШК, ЖӨБО конституциялык Мыйзамдын 29-беренесинин 6-бөлүгү |
| 6. | ЖӨБОлорго майыптыгы бар адамдар үчүн добуш берүүчү жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү боюнча кайрылуу жөнөтүү | Добуш берүү күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 2-февралына чейин) | ОШК, УШК, конституциялык Мыйзамдын 29-беренесинин 6-бөлүгү |
| **Эл аралык жана коомдук байкоочулар** | | | |
| 7. | Эл аралык уюмдарга жана чет мамлекеттердин шайлоо органдарына шайлоого байкоо жүргүзүүгө катышууга чакыруу жөнөтүү | КР БШКнын кайра шайлоону дайындоо жөнүндө чечими расмий жарыялангандан кийин | Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети, БШК конституциялык Мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгү |
| 8. | КР Президенти, КР Жогорку Кеңеши, КРнын Министрлер Кабинети, БШК тарабынан жиберилген чакыруулардын негизинде байкоочуларды аккредитациялоо | Шайлоо дайындалгандыгы жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин | БШК конституциялык Мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9. | Шайлоо комиссияларынын алдында коомдук байкоочуларды каттоонун шарттарын жана тартибин, каттоо жөнүндө документтин формасын белгилөө | Шайлоо дайындалгандан кийин | БШК конституциялык Мыйзамдын 10-1-беренесинин 3-бөлүгү |
| 10. | Коомдук байкоочуларды каттоо | Коомдук байкоочуларды каттоо үчүн коммерциялык эмес уюмдар тарабынан тиешелүү документтерди бергенде | БШК конституциялык Мыйзамдын 10-1-беренеси |
| **Шайлоочулардын тизмеси** | | | |
| 11. | Округ, участоктор боюнча түзүлгөн шайлоочулардын алдын ала тизмесин tizme.gov.kg мамлекеттик порталына жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнө 53 календардык күн калганда (2026-жылдын 7-январына чейин) | Санариптик өнүктүрүү министрлиги, БШК конституциялык Мыйзамдын 14-беренесинин 4-бөлүгү |
| 12. | Шайлоочулардын алдын ала тизмелерин участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө 50 календардык күн калганда (2026-жылдын 10-январына чейин) | БШК, ОШК, УШК конституциялык Мыйзамдын 14-беренесинин 7-бөлүгү |
| 13. | УШКларда шайлоочулардын алдын ала тизмесин шайлоочулардын таанышуусу үчүн илүү | Добуш берүү күнүнө 47 календардык күн калганда (2026-жылдын 13-январына чейин) | УШК конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 1-бөлүгү |
| 14. | Шайлоочулардын арыздарын (шайлоочу жөнүндө ката же так эместик аныкталган учурда) тактоо үчүн кабыл алуу | Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 13-январынан 18-февралына чейин кошуп алганда | УШК конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 2-бөлүгү |
| 15. | Шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн УШКларда шайлоочулардын контролдук тизмесин илүү | Добуш берүү күнүнө чейин 20 календардык күн калганда (2026-жылдын 9-февралына чейин) | УШК конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 4-бөлүгү |
| 16. | Шайлоочулардын электрондук түрдөгү биротоло тизмелерин ыйгарым укуктуу | Добуш берүү күнүнө 7 календардык күн | БШК, Санариптик өнүктүрүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | мамлекеттик органга өткөрүп берүү | калганда (2026-жылдын 22-февралына чейин) | министрлиги конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 5-бөлүгү |
| 17. | УШКларда шайлоочулардын биротоло тизмелеринин экинчи нускасын илүү | Добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 24-февралына чейин) | УШК конституциялык Мыйзамдын 15-беренесинин 5-бөлүгү |
| 18. | Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмесин БШКнын сайтына жарыялоо | Добуш берүү күнүнөн кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 7-мартына чейин) | БШК, ОШК, УШК конституциялык Мыйзамдын 35-беренесинин 23-бөлүгү |
| **Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу** | | | |
| 19. | Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, талапкерлер, ЖМК, укук коргоо органдары жана шайлоо процессинин башка катышуучулары үчүн окуу семинарларын өткөрүү | Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча | БШК |
| 20. | ОШК, УШК мүчөлөрү, ПИТ, АЭУ жана шайлоочуларды идентификациялоо операторлору үчүн тренингдерди өткөрүү | Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча | БШК |
| **Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо** | | | |
| 21. | Шайлоого катышууну каалаган саясий партиялардын шайлоого катышары тууралуу БШКга жазуу жүзүндө билдирме жиберүүлөрү | Шайлоо дайындалгандан кийин 3 календардык күндүн ичинде (2026-жылдын 2-январына чейин (кошуп алганда) | Саясий партиялар конституциялык Мыйзамдын 60-беренесинин 4-бөлүгү |
| 22. | Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү | Добуш берүү күнүнө 30 календардык күн калганга чейин, жергиликтүү убакыт саат 18:00гө чейин аяктайт (2026-жылдын 29-январын кошуп алганда) | Саясий партиялар, жарандар өзүн өзү көрсөтүү жолу менен конституциялык Мыйзамдын 60-беренесинин 1-бөлүгү, 60-1-беренесинин 1-бөлүгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 23. | Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жана аларга каттоо ырастамаларын же каттоодон баш тартуу тууралуу жүйөлүү чечимди берүү | Керектүү документтер түшкөн күндөн тартып 2 календардык күндүн ичинде | БШК конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 4-бөлүгү |
| 24. | Талапкер тарабынан өз алдынча же ыйгарым укуктуу адам аркылуу нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн түрдө, же болбосо саясий партия тарабынан талапкерлерди чакыртып алуу жана шайлоого мындан ары катышуудан баш тартуу тууралуу жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү Борбордук шайлоо комиссиясына берүүсү | Добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 21-февралын кошуп алганда) | Саясий партиялар, талапкер, ыйгарым укуктуу адам конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 13, 14-бөлүктөрү |
| 25. | Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерди каттоо үчүн талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тиешелүү документтерди берүүсү | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күн калганда аяктайт (2026-жылдын 1-февралы саат 18:00гө чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 1, 5-бөлүктөрү |
| 26. | Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди каттоо | Добуш берүү күнүнө чейин 20 календардык күн калганда (2026-жылдын 9-февралына чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 61-беренесинин 9-бөлүгү |
| 27. | Талапкердин жазуу жүзүндөгү арызынын же болбосо саясий партиянын сунуштамасынын жана жарандын ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө арызынын негизинде ишенимдүү адамдарды каттоо | Бардык талапкерлерди каттоонун акыркы мөөнөтү аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин эки календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 26-февралы жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 20-беренесинин 2-бөлүгү |
| **Шайлоо алдындагы үгүт** | | | |
| 28. | Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү | Баардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып, добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда аяктайт (2026-жылдын 9-февралынан тартып 28-февралында | Талапкерлер, Саясий партиялар, Кыргыз Республикасынын жарандары конституциялык Мыйзамдын 23-беренесинин 1-бөлүгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | саат 08:00нө чейин) | |
| 29. | Кыргыз Республикасынын жарандарына, талапкерлерге, саясий партияларга үгүт иштерин жүргүзүү жана шайлоочулар менен жолугушуу укугун камсыздоо | Талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктагандан кийин (2026-жылдын 9-февралынан 28-февралы саат 08:00гө чейин) | ОШК, КРнын БШКнын атайын өкүлдөрү, мамлекеттик органдар, ЖӨБО конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 8, 9-бөлүктөрү |
| 30. | Ар бир шайлоо участогунун аймагында маалымат жана үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды берүү | Шайлоо дайындалган күндөн тартып 7 календардык күндүн ичинде (2026-жылдын 6-январына чейин) | ЖӨБО конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 3-бөлүгү |
| **Шайлоону каржылоо** | | | |
| 31. | **Шайлоо фондун түзүү:**<br>- Өз шайлоо фондун түзүү үчүн банк мекемесинде атайын эсеп ачууга арыз берүү;<br><br>- банк мекемесинде атайын эсеп ачууга уруксат алуу | Шайлоого катышуу жөнүндө БШКга/ОШКга жазуу жүзүндө билдирме берүү менен кошо<br><br>Атайын эсеп ачууга БШКдан/ОШКдан жазуу жүзүндө уруксат (маалымдама) алгандан кийин | Талапкер, Саясий партия конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 5-бөлүгү, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө" Жобонун (мындан ары - Жобо) 15-пункту<br><br>Талапкер, финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 5-бөлүгү, Жобонун 17-пункту |
| 32. | **Банк мекемесинде атайын эсеп ачуу:**<br>- финансылык маселелери боюнча | Аларды талапкер | Талапкер, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындабаган көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан;<br><br>- финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындаган көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан<br><br>- талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар тарабынан | катары көрсөткөн учурдан тартып каттоо үчүн документтерди бергенге чейин<br><br>Шайлоо комиссиясы тарабынан финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл катталгандан кийин<br><br>Шайлоо комиссиясы тарабынан финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл катталгандан кийин 3 календардык күндүн ичинде | конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 1, 5-бөлүктөрү<br><br>Финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 41-беренесинин 1-бөлүгү<br><br>Финансылык маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 41-беренесинин 1-бөлүгү |
| 33. | Шайлоо төгүмүн төгүү:<br>- талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар үчүн - ар бир талапкер үчүн мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн үч миң эселенген өлчөмүнөн. | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин (2026-жылдын 1-февраля, саат 18:00гө чейин) | Талапкерлер, саясий партиялар, Көзөмөлдөө-текшерүү тобу конституциялык Мыйзамдын 60-1-беренесинин 2-бөлүгү 61-беренесинин 1, 4, 5-бөлүктөрү |
| 34. | Талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат берүү | Жума сайын, ал эми КР БШКнын талабы боюнча – 24 сааттын ичинде | Банк же башка мекемелер, БШК конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 12-бөлүгү |
| 35. | Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фонддорунун келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторду БШКга тапшыруусу | *Биринчи финансылык отчет* - добуш берүү күнүнө чейин 7 күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 21-февралын кошуп алганда)<br>*Экинчи жыйынтыктоочу* | Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | *финансылык отчет* - шайлоодон кийин 7 күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 8-мартын кошуп алганда) | фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобосунун 58-пункту |
| 36. | Жеке жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр боюнча, ошондой эле атайын эсепте турган, чыгымдалбаган акча каражаттарын кайра кайтаруу боюнча бардык финансылык операцияларды токтотуу | Добуш берүү күнүнөн кийин 3 календардык күндөн кийин (2026-жылдын 4-мартын кошуп алганда) | Көзөмөлдөө-текшерүү тобу конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 14-бөлүгү |
| **Шайлоо бюллетендери** | | | |
| 37. | Шайлоо бюллетенинин текстин бекитүү | Добуш берүү күнүнө чейин 17 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 12-февралына чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгү |
| **Добуш берүү тартиби** | | | |
| 38. | Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө шайлоочулардан арыздарды кабыл алуу | Добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 27-февралына чейин) | УШК конституциялык Мыйзамдын 33-беренесинин 2-бөлүгү |
| 39. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү | Добуш берүү күнүнө чейин 1 календардык күн калганда саат 08:00дөн 20:00гө чейин (2026-жылдын 28-февралы) | УШК конституциялык Мыйзамдын 33-беренесинин 2-бөлүгү |
| 40. | **Добуш берүүнү өткөрүү** | **2026-жылдын 1-марты (саат 08:00дөн 20:00гө чейин)** | УШК конституциялык Мыйзамдын 31-беренесинин 1-бөлүгү |
| **Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө** | | | |
| 41. | Шайлоочулардын добуштарын саноо | Добуш берүү аяктагандан кийин дароо башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилегенге чейин тынымсыз жүргүзүлөт. | УШК конституциялык Мыйзамдын 35-беренесинин 3-1-бөлүгү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 42. | Юридикалык мааниге ээ болбогон, алдын ала маалымат болуп саналган ар бир шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Келип түшкөнүнө жараша | БШК конституциялык Мыйзамдын 37-1-беренесинин 1-бөлүгү |
| 43. | Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнөн тартып 12 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 14-мартына чейин) | БШК, ОШК, УШК конституциялык Мыйзамдын 37-1-беренесинин 2-бөлүгү, 23-бөлүгү |
| 44. | Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө округдук шайлоо комиссиясынын протоколдорун БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 15-мартына чейин) | БШК, ОШК, конституциялык Мыйзамдын 37-1-беренесинин 4-бөлүгү |
| 45. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоо | Добуш берүү күнүнөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 15-мартына чейин) | БШК конституциялык Мыйзамдын 37-беренесинин 1-бөлүгү |
| 46. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялоо | Шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып эки жуманын ичинде | БШК конституциялык Мыйзамдын 64-беренесинин 8-бөлүгү |

*** конституциялык Мыйзамдын 63-беренесине ылайык, шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү үчтөн бирине кыскарат.**